| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ОСМОНКУЛОВ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>ОСМОНКУЛОВА |
|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**04-февраль 2022-жыл № 1** **Талды-Булак айылы**

**Осмонкулов айыл өкмөтүнүн 2021-жылдын бюджетин бекитүү жана 2022-жылга бюджетин кабыл алуу жөнүндө**

Осмонкулов айылдык кеңешинин VII чакырылышынын 2022-жылдын 1-кезектеги сессиясынын 1-протоколунун негизинде Осмонкулов аыл өкмөтүнүн каржы-экономика бөлүмүмн башчысы Т. Төкөналиевдин 2021-жылдын бюджетин бекитүү жана 2022-жылга бюджетин кабыл алуу боюнча сунуштамасын талкуулап, карап чыгып

## ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Осмонкулов айыл өкмөтүнүн 2021-жылдагы бюджетинин аткарылышын канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Осмонкулов айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы бюджетинин киреше бөлүгү боюнча 6639,7 миң сом өлчөмүндө жана чыгашалар боюнча 6639,7 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
3. Осмонкулов айыл өкмөтүнүн киреше жана чыгаша бөлүгү 2023-жылга 6633,7 миң сом, 2024-жылга 6705,7 миң сом өлчөмүндө болжолдоо белгиленсин.
4. Осмонкулов айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы бюджетинин киреше булагы №1 тиркемеге ылайык булактардан түшүүчү каражаттардын эсебинен түзүлө турганы аныкталсын.
5. Осмонкулов айылдык аймагы2022-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн жалпы суммасы №2 тиркемеге ылайык бекитилсин
6. Осмонкулов айыл өкмөтүнүн 2022-жылга бюджеттин накталай кассалык жүгүртүү акча каражаттарынын көлөмү №3 тиркеменин негизинде бекитилсин.
7. Осмонкулов айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы чыгаша бөлүгү боюнча №4 тиркемеге ылайык чыгаша булактардан турары белгиленсин.
8. 2022-жылга карата Осмонкулов айыл өкмөтүнүн чыгашаларынын трансферттерден тышкары №5 тиркемеге ылайык бюджетин көлөмүнөн 61,6 мин сомдун көлөмүндө түзүлсүн
9. Осмонкулов айыл кенешинин токтому туура жана так аткарылышына көзөмөлдүк жүргүзүү кеңештин «Экономикалык реформалардын жүрүшү жана бюджет» боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.
10. Осмонкулов айыл өкмөтүдөгү «Кошойбек-Ата» балдар бакчага, 2022- жылга ата-энелерден тушучу каражатын киреше булагы 470,0 мин сом жана чыгаша болугу 470,0 сомго бекитилсин №6 тиркемеге ылайык
11. Осмонкулов айылдык аймагы2022-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн расшифровкасы №7 тиркемеге ылайык бекитилсин
12. Осмонкулов айылдык аймагынын 2022-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгүндөгү теңдөөчү гранттын расшифровкасы №8 тиркемеге ылайык бекитилсин

13. Айыл өкмөтүнүн жыл ичинде өтүлүүчү калкты социалдык коргоо боюнча иш чосмонкуловарды уюштуруу үчүн социалдык коргоо бөлүмү түзүлүп, лицевой счет ачылсын
14. **ЖЕРГИЛИКТҮҮ САЛЫКТАР**
    а) Жеке тараптан алынуучу салык сугат жерлерге 154,4 сом, кайракы жерлерге 26,2 сом, шалбаа жерлерге5,5 сом, жайыт жерлерге 4,8 сом, ар бир гектарга өлчөмүндө бекитилсин
    б) жеке тараптан алынуучу огород салыгы 0,01 га үчүн 10 сом, өлчөмүндө бекитилсин
    в) Айыл чарба эмес жерлерден алынуучу салык кодексинини 33-статьясына ылайык белгиленсин
15. Мүлк салыгы Кыргыз Республикасынын салык кодексинин негизинде бекитилсин
16. Кыймылдуу мүлккө салык Кыргыз Республикасынын салык кодексинин негизинде менчик авто транспорттору жана айыл чарба техникалары бар, Кыргыз Республикасынын граждандары, чет өлкөлүк граждандар жана гражданствосу жок жактар төлөөчү болуп эсептелет. Салык чегерүү обьектиси жана өлчөмү Кыргыз Республикасынын салык кодексинини негизинде жүргүзүлсүн.
17. Жыйындарды чогултуу жана бюджетке чегерүү мөөнөтү ар бир айдын 20 числосу деп белгиленсин.
18. **Жалпы мамлекеттик салыктар** «Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө КР мыйзамыны негизинде Осмонкулов айыл аймагынын жергиликтүү бюджетине салык агенттери тарабынан төлөнүүчү киреше салыктын 100 пайыз өлчөмүндө түшүүсү, ыктыярдуу патенттин негизинде алынуучу салык, милдеттүү патенттин негизинде алынуучу салык 100 пайыз өлчөмүндө түшүүсү белгиленсин .
19. Айыл өкмөтүнүн мекеме уюмдары жыл ичинде каржылоо чыгымдарына зарыл болгон учурда бир бөлүмдөн экинчи бөлүмгө же статьядан статьяга, чейректен чейрекке жылдыруу жагы Кыргыз Республикасынын кодексинин 109-беренесинин негизинде жүргүзүлсүн.
20. Осмонкулов айылдык аймагынын 11 штаттык бирдиги анын ичинен 2 штаттык бирдик асскердик каттоо столунун башчысына КР өкмөтүнүн 8-июль 2013-жылдагы № 403 токтомунун негизинде , КР өкмөтүнүн 2017-жылда 7-августундагы №436 протоколунун негизинде жана Осмонкудов айылдык аймагына караштуу Маданият бөлүмүнө 3 кызматкер, анын ичинен клуб башчы 1 кызматкер, китепкана башчы 2 кызматкер КР өкмөтүнүнү 2011-жылдын 19-январындагы №16 токтомунун негизинде 2022-жылдын бюджетине бекитилсин
21. Осмонкулов айыл өкмөтүндө иштеген аппарат кызматкерлеринин эмгек акылары Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтомунун, КР Саламаттык сактоо министирлигинин 2019-жылдын 19-ноябрындагы №429-токтомунун негизинде зыяндуулук боюнча төлөмү, түзүлгөн комиссиянын чечиминин негизинде көбөйгөн эмгек акылары 2022-жылдын бюджетине бекитилсин №8 тиркеме
22. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк жүргүзүү жагы Осмонкулов айыл кеңешинин алдындагы бюджет комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Джумаев**